КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXI сессиясы**

**Токтом № 150**

Сүлүктү шаары 2-февраль 2024-ж.

**Ветеринардык жана фитосанитардык инспекциясынын Сүлүктү шаардык бөлүмүнүн аткарган иштери жөнүндө**

Ветеринардык жана фитосанитардык инспекциясынын Сүлүктү шаардык бөлүмүнүн аткарган иштери жөнүндө маалыматты угуп Сүлүктү шаардык кеңешинин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 27-беренесинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Ветеринардык жана фитосанитардык инспекциясынын Сүлүктү шаардык бөлүмүнүн аткарган иштери жөнүндө маалыматы кабыл алынсын;
2. Сүлүктү шаардык мэриясы менен Ветеринардык жана фитосанитардык инспекциясынын Сүлүктү шаардык бөлүмү биргелешип, аталган мекеменин уюштуруу жана фитосанитардык иштерин жакшыртуу боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн;
3. Сүлүктү шаардык мэриясы тарабынан Ветеринардык жана фитосанитардык инспекциясынын Сүлүктү шаардык бөлүмүнүн ишмердүүлүгү боюнча көзөмөл тыкыр жүргүзүлсүн;
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Социалдык маселелер, билим берүү, саламаттыкты сактоо, мамлекеттик тил, каада салт, жаштар саясаты жана спорт" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: Р.М. Жайнаков